**ДОЛБООР**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXI – СЕССИЯСЫНЫН**

**2026-жылдын**

**Балыкчы шаарынын мэринин 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча отчету, 2026-жылга карата иш чаралар планы жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэринин 2025-жылдын жыйынтыгы, 2026-жылга карата иш чаралар планы жөнүндө маалыматын жана депутаттык туруктуу комиссиялардын сунуштарын угуп, талкуулап, Балыкчы шаардык Кеңешинин сессиясы,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарынын мэри Жантаев Баатырбек Темиржановчтин 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча шаар аймагындагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы тууралуу жана 2026-жылга милдеттери (программа, планга өзгөртүү, толуктоо) жөнүндө отчёттук маалыматы канааттандыраарлык деп табылсын.

2. Балыкчы шаарынын мэринин 2026-жылга карата иш чаралар планы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жарыялансын.

4. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин Экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн

**Кеңештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, юст.башкармалыгы-1, ММК-1

**ДОЛБООР**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXI – СЕССИЯСЫНЫН**

**2026-жылдын**

**2026 -жылга Балыкчы шаарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын жана 2026-2030- жылдарга болжолун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине ылайык, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, Балыкчы шаарынын мэриясынын 06.02.2026-жылдын чыгыш № 01-13/376 кайрылуусунун негизинде Социалдык өнүгүү, укук коргоо, мыйзамдуулукту сактоо, мандат, депутаттык этика жана регламент маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, токтом кылат:

1. 2026-жылга Балыкчы шаарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы жана 2025-2030- жылдарга болжолу 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Балыкчы шаарынын мэриясы:

- 2026-жылга Балыкчы шаарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын жана 2025-2030- жылдарга болжолун ишке ашырууну камсыздасын;
- 2025- жылдын жыйынтыгы боюнча программаны ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө шаардык кеңешке отчет берилсин.

3. Балыкчы шаардык Кенешинин 2023-жылдын 23-майындагы №2 “Балыкчы шаарынын 2023-2027- жылдарга карата өнүгүү стратегиясынын программаларын бекитүү жөнүндө” ” токтому күчүн жоготту деп табылсын.
4. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жарыялансын.
5. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин социалдык өнүгүү, укук коргоо, мыйзамдуулукту сактоо, мандат, депутаттык этика жана регламент маселелери боюнча депутаттык депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММК-1 юст.башкармалыгы-1

**ДОЛБООР**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
# XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
# XXI – СЕССИЯСЫНЫН

**2026-жылдын**

**Балыкчы шаарынын 2026-жылга жергиликтүү бюджети жана 2025-жылдагы шаардык бюджеттин аткарылышы жөнүндө**

“2026-жылда Балыкчы шаарындагы социалдык – маданий иш чараларды жана бюджеттик мекемелерди үзгүлтүксүз каржылоо максатында шаардын бюджетин бекитүү жана 2025-жылдагы бюджеттин аткарылышы жөнүндө” Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026–жылдын 25-январындагы №2 чечимине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгынын начальнигинин билдирүүсүн ылайык, экономика, бюджет, салык жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын сунушун угуп, талкуулап Балыкчы шаардык кеңешинин сессиясы,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2026-жылга Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджети кирешелер жана чыгашалары боюнча **420026,1** миң сом көлөмүндө №1 тиркемеге ылайык аныкталсын.
2. Мамлекеттик маанидеги салыктардын жалпы көлөмдөрү 2026-жылга шаардык бюджетке чегерүүлөрдүн өлчөмү №2 тиркемеге ылайык эске алынсын.
3. Шаардык башкаруу органдарынын чыгашалары №3 тиркемеге ылайык белгиленсин.
4. Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетиндеги мекемелеринин 2026-жылга чектелген эмгек акы фондусу №4 тиркемеге ылайык белгиленсин.
5. Шаардык жергиликтүү бюджеттен 2026-жылы каржылануучу чыгымдардын көлөмү №5 тиркемеге жана атайын каражаттардын эсебинен №6 тиркемеге ылайык каралсын.
6. Өндүрүлгөн салыктардын республикалык жана жергиликтүү бюджеттерге чегерүүлөр салыктын ар бир түрүнөн бекитилген өлчөмдөрү чечимдин 2 пунктуна ылайык, банкалык операция күн сайын жүргүзүлүп туруусу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгына милдеттендирилсин.
7. Ишкана, мекеме жана уюмдардын жетекчилери 2026-жыл ичинде бюджетке чегерүү милдеттерин аткаруу менен, салык маселелерине өзгөчө көңүл буруп, өз убагында тийиштүү иш-чараларды жүргүзүүлөрү милдеттендирилсин.
8. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин атайын каражаттарынын кирешелерин Балыкчы финансы башкармалыгынын эсебисиз пайдаланууга тыйуу салынсын. Балыкчы финансы башкармалыгынын эсебисиз пайдаланган каражаттар жергиликтүү бюджетке алынышы аныкталсын.
9. Жергиликтүү бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө кошумча алынган кирешелер пайда болгон учурда, бюджеттик мекемелердин чыгашаларынын тартыш бөлүгүн жабуу максатына пайдалануу үчүн шаардык кеңештин кароосуна тийиштүү сунуш киргизилээри белгиленсин.

**10.** 2025-жылдагы Балыкчы шаарынын шаардык бюджетинин аткарылышы кирешелер боюнча атайын каражаттар менен **626 192,1** миң сом, чыгашалары боюнча **607 172,7** миң сом көлөмүндө **81 316,0** миң сом (анын ичинен бюджет 75 597,7 мин сом, атайын каражат 5 718,3 мин сом**)** профицит менен аныкталсын.

11. 2026-жылдын башында пайдаланылбай калган каражаттардын көлөмү **81 316,0** миң сом (анын ичинен бюджет 75 597,7 мин сом, атайын каражат 5 718,3 мин сом**)** өлчөмүндө бекитилсин жана кассалык жүгүртүүдөн накталай каражат бир айлык эмгек акы фондусунун көлөмүндө каралсын.

12. Бекитилген жергиликтүү бюджеттин токтомунун тиркемелерине өзгөртүү киргизүү Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексине жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлсүн.

13. Токтом кабыл алынгандыгына байланыштуу, Балыкчы шаардык кенешинин 2025 – жылдын 7–марттагы №17 токтому көзөмөлдөн алынып салынсын.

14. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы экономика, бюджет, салык жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгына жана шаардын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: иш кагазына-1, мэрияга-1 шаардык финансы башкармалыгына-1, ММК-1

**ДОЛБООР**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
# XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
# XXI – СЕССИЯСЫНЫН

**2025-жылдын**

**Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылдын 1-январына карата эркин калдыгы жөнүндө**

Балыкчы шаар мэриясынын 2026-жылдын 6-февралындагы №01-13/395 кайрылуусунун негизинде, Балыкчы шаардык кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын сунушун карап, талкуулап, шаардык Кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылдын 1-январына карата эркин калдыктын жалпы көлөмү 75 597,7 миң сом деп белгиленсин.

2. Эркин калдыктын эсебинен Балыкчы шаарынын мэриясына:

   - Балыкчы шаарынын Көк-Мойнок-1 калктуу конушуна заманбап бала бакча курууга 68 155,4 миң сом акча каражаты;
   - 2025-жылга карата сунушталган дем берүүчү гранттардын эсебинен каржылануучу үч долбоор республикалык бюджеттен каржыланбай калгандыгына байланыштуу, 2026-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджеттин эркин калдыгынын эсебинен 7 442,3 миң сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

3. Балыкчы шаардык кенешинин 2026-жылдын 30-январындагы №7 “Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылдын 1-январына карата эркин калдыгы жөнүндө” тескемеси жокко чыгарылсын.

4. Балыкчы шаарынын мэриясына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып баруу тапшырылсын

5. Бөлүнгөн акча каражатынын суммасын белгиленген максатта пайдалануу, координациялоо жана маалымат берүү жагы Балыкчы шаарынын мэринин орун басары Н.Турсунбековго жана КР финансы Министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгынын начальниги - К.Кожомбердиевге тапшырылсын.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге жана шаардык кеңештин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: иш кагаздарына- 1, мэрияга-1, шаардык финансы башкармалыгына-1,

**ДОЛБООР**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
# XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
# XXI – СЕССИЯСЫНЫН

**Автоунааларды Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине алууга макулдук берүү жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 26-февралындагы №01-13/394 кайрылуусунун негизинде, шаардык кенештин алдындагы муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевичтин, Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин төрагасынын орун басары жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитетинин төрагасы генерал-полковник Ташиев Камчыбек Кыдыршаевичтин демилгесинин негизинде берилген 47 (кырк жети) даана атайын автотехникаларды, 10 (он) даана жүргүнчүлөрдү ташуучу жаңы автобустарды жана 9 (тогуз) даана кызматтык жеңил автоунааларды 1-тиркемеге ылайык, Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине муниципалдык менчигине өткөзүп алууга макулдук берилсин.
2. Балыкчы шаарынын мэриясына:
   -муниципалдык менчикке өткөрүп алууга карата укук белгилөөчү иш кагаздарын даярдап каттоодо мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.
3. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жарыялансын.
4. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММК-1 юст.башкармалыгы-1

**ДОЛБООР**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXI – СЕССИЯСЫНЫН**

**Муниципалдык менчиктен мамлекеттик менчигине өткөрүп берүүгө жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 6-февралындагы №01-13/393 кайрылуусунун негизинде, шаардык кенештин алдындагы муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги Mercedec-Benz Sprinter 315, мамлекеттик номери 09KG545AD автотехникасын, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Атайын багыттагы полкунун Балыкчы шаарындагы өзүнчө ротасынын балансына өткөрүп берүүгө макулдук

2. Балыкчы шаарынын мэриясына:
-муниципалдык менчикке өткөрүп алууга карата укук белгилөөчү иш кагаздарын даярдап каттоодо мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.

3. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жарыялансын.

4. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММК-1 юст.башкармалыгы-1

**ДОЛБООР**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
# XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
# XXI – СЕССИЯСЫНЫН

**2026-жылдын**

**Балыкчы муниципалдык “Суу түтүкчөлөр” ишканасынын ичүүчү таза сууга жана саркынды (канализация) сууларга болгон төлөм акыларынын тарифин бекитүү жөнүндө.**

“Ичүүчү суу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, Балыкчы шаарынын мэриясынын 22.01.2026-жылдын чыгыш № 01-13/168 кайрылуусунун негизинде, кенештин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, токтом кылат:

1. Балыкчы шаарынын муниципалдык “Суу түтүкчөлөр” ишканасынын ичүүчү таза сууга жана саркынды (канализация) сууларга болгон төлөм акыларынын тарифи 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Башка керектөөчүлөргө жана юридикалык жактарга сууга жана ыплас сууларга төлөм акыларынын тарифи 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Бекитилген тарифтер 2026-жылдын 1-март баштап колдонууга киргизилсин.
4. Балыкчы шаардык Кенешинин 2022-жылдын 15-мартындагы №11 Балыкчы шаарынын муниципалдык “Суу түтүкчөлөр” мекемесинин юридикалык башка керектөөчүлөргө таза сууга жана ыплас сууларга болгон төлөм акыларынын тарифин бекитүү жөнүндө” токтому күчүн жоготту деп табылсын.
5. Балыкчы шаардык кенешинин 2025-жылдын 7-мартындагы №20 “Балыкчы муниципалдык “Суу түтүкчөлөр” ишканасынын ичүүчү таза сууга жана саркынды (канализация) сууларга болгон төлөм акыларынын тарифин бекитүү жөнүндө” токтому күчүн жоготту деп табылсын.
6. Балыкчы шаарынын муниципалдык “Суу түтүкчөлөр” ишканасына:
   -Калкты суу менен жабдуу жана сууну бөлүштүрүү (канализация) тутумдарынын ишин камсыздоо, керектөөчүлөргө коопсуздук стандарттарына жана гигиеналык талаптарга ылайык келген сапаттуу ичүүчү сууну үзгүлтүксүз берүүнү, агынды сууларды кабыл алууну жана суу менен жабдуу жана сууну бөлүштүрүү (канализация) кызмат көрсөтүүлөрдү тийиштүү деңгээлде иш алып баруу милдеттендирилсин.
7. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жарыялансын.
8. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук

актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

9. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин Экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, Балыкчы муниципалдык "Суу түтүкчөлөр" ишканасына-1, ММК-1 юст.башкармалыгы-1

Балыкчы шаардык кеңешинин
XXI сессиясынын № -токтомуна
1- тиркеме

Балыкчы шаарынын муниципалдык “Суу түтүкчөлөр” ишканасынын ичүүчү таза сууга жана саркынды (канализация) сууларга

болгон төлөм акыларынын

**Т А Р И Ф И :**

| № к\н | Аталыштары | Өлч. бирдиги | Шаар жашоочуларга коюлган тарифи (сом) менен |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Калк үчүн ичүүчү таза суу** | 1 $м^3$ | **13.90 сом** |
| **2.** | **Саркынды суу (канализация)** | 1 $м^3$ | 12,36 сом |

Балыкчы шаардык кеңешинин
XXI сессиясынын № -токтомуна
2- тиркеме

**Балыкчы шаарындагы "Суу түтүкчөлөр" муниципалдык мекемесинин башка керектөөчүлөргө жана юридикалык жактарга суугa жана ыплас сууларга кызмат акыларынын баасы боюнча**

**Т А Р И Ф И :**

| № к\н | Аталыштары | Өлч. бирдиги | Башка керектөөчүлөргө жана юридикалык жактарга бекитилген тариф (сом) менен |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Суу түтүкчөдөн чыккан таза сууга** | 1м$^3$ | **35, 0 с.** |
| **2.** | **Ыплас агынды суу (канализация)** | 1 м$^3$ | **35, 0 с.** |

**ДОЛБООР**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXI – СЕССИЯСЫНЫН**

**2026-жылдын**

**Балыкчы шаарынын мэриясынын жана Балыкчы шаардык Кенешинин муниципалдык кызматкерлеринин жана тейлөө персоналынын эмгек акылары жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундага "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" №266 Жарлыгынын 4-пунктун жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө № 433 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун 4 пунктун жетекчиликке алып, Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 26-январындагы №01-13/214 катынын негизинде экономика, бюджет, салык жана финансы маселелери боюнча боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын сунушун угуп, талкуулап, шаардык кенештин кезектеги сессиясы,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жергиликтүү бюджетин эсебинен, Балыкчы шаарынын мэриясынын жана Балыкчы шаардык кенешинин муниципалдык кызматкерлеринин жана тейлөө персоналынын эмгек акыларына 2026-жылдын 1-январынан баштап кызматтык маянасына 50 пайыз өлчөмүндө үстөк белгиленип бекитип берилсин.

2. Акча каражатын белгиленген максатта пайдалануу, координациялоо жана маалымат берүү жагы Балыкчы шаарынын мэринин орун басары Н.Турсунбековго жана КР финансы Министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгынын начальниги - К.Кожомбердиевге тапшырылсын.

3. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жарыялансын.

4. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин Экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, шаардык кенеш-1; Финансы бөлүмүн-1

**ДОЛБООР**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXI – СЕССИЯСЫНЫН**

**2026-жылдын**

**Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Муниципалдык мүлк башкаруу” муниципалдык ишканасы жөнүндө ЖОБОсун жокко чыгаруу жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 10-февралындагы № 01-13/426 кат менен жазган кайрылуусунун негизинде, Балыкчы шаардык Кеңешинин курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай, транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын сунушун карап, талкуулап Балыкчы шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарынын Кеңешинин 2025-жылдын 29-октябрындагы XVI-сессиясынын №87 токтому жана бекитилген Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Муниципалдык мүлк башкаруу” муниципалдык ишканасы жөнүндө Жобосу жокко чыгарылсын.

2. Балыкчы шаарынын мэриясына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып баруу тапшырылсын.

3. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жарыялансын.

4. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев**

*Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, юст.башкармалыгы-1, ММК-1*

**ДОЛБООР**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXI – СЕССИЯСЫНЫН**

**2026-жылдын**

**Балыкчы шаарынын мэриясынын башкаруу схемасы жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 12-февралындагы № 01-13/460 кат менен жазган кайрылуусунун негизинде, Балыкчы шаардык Кеңешинин курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай, транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын сунушун карап, талкуулап Балыкчы шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарынын Кеңешинин 2025-жылдын 27 августундагы "Балыкчы шаарынын мэриясынын башкаруу схемасын бекитип берүү жөнүндө" XIII-сессиясынын №66 токтому жокко чыгарылсын.

6. Балыкчы шаарынын мэриясына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып баруу тапшырылсын.

7. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жарыялансын.

8. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

9. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы ______________________________ Д.Ж.Аманалиев____**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, юст.башкармалыгы-1, ММК-1

**ДОЛБООР**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXI – СЕССИЯСЫНЫН**

**2026-жылдын**

**Жашылдандыруу чарбасы муниципалдык ишканасы жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 12-февралындагы № 01-13/456 кат менен жазган кайрылуусунун негизинде, Балыкчы шаардык Кеңешинин курулуш, архитектура, Муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай, транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын сунушун карап, талкуулап Балыкчы шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бюджеттик чыгымдарды азайтуу, ишкананын ишмердүүлүгүн уюштуруу, альтернативдүү формаларына өткөрүү максатында "Жашылдандыруу чарбасы" муниципалдык ишканасын кайра түзүүгө макулдук берилсин

2. БалыкчыБалыкчы шаарынын Кеңешинин 2007-жылдын 30-июнундагы "Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы "Жашылдандыруу чарбачылыгы" мекемесин уюштуруу жөнүндөгү №299 токтомун бекитүү жөнүндө №4 токтому жокко чыгарылсын.

3. Балыкчы шаарынын мэриясына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып баруу тапшырылсын.

4. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жарыялансын.

5. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, юст.башкармалыгы-1, ММК-1